**Кыргыз Республикасынын 2023-2024-окуу жылындагы**
**“БИРИНЧИ МУГАЛИМ” СЫНАГЫНЫН ЖОБОСУ**

**№12 СЫНАК**

10.09.2023

Санжарбек Данияровдун коомдук фонду 2023/2024-окуу жылында Кыргыз Республикасынын айылдык башталгыч класстарынын мугалимдери үчүн кезектеги (12-жолку) «Биринчи мугалим» сынагын (мындан ары - 12-сынак) уюштурууда. «Биринчи мугалим» - бул башталгыч класстын мугалими, мыкты мугалим, Чыңгыз Айтматовдун ушул эле аталыштагы повестинин каарманы.

Сынак Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ЖАКТЫРУУСУ МЕНЕН өткөрүлөт.

## § 1.Сынактын максаттары:

- **Айылдык** мугалимдердин кесиптик өсүүгө болгон умтулуусун демилгелөө
- Башталгыч класстын мугалими кесибинин жагымдуулугун жогорулатууга салым кошуу
- **Айылдык мектептерде** мугалимдерди кармап калуу үчүн кошумча стимул түзүү

## § 2.Сынактын катышуучулары:

- Жынысы, жашы, улуту жана иш стажына карабастан **айыл жеринде жана шаардык калктуу конуштарда** жайгашкан Кыргыз Республикасынын мектептеринин, гимназияларынын, лицейлеринин (мындан ары - Катышуучу) учурда иштеп жаткан БАШТАЛГЫЧ КЛАСС МУГАЛИМДЕРИ. Биринчи турга Кыргыз Республикасынын айыл мектептеринин башталгыч класстарынын **бардык каалоочу мугалимдери** катыша алат.
- Шаардык мектептердин, тактап айтканда республикалык, облустук, райондук маанидеги шаарлардын мугалимдери КАТЫША АЛБАЙТ.
- Башталгыч класстардын окуучуларын **окутууга түздөн-түз катышпаган** окуу жайлардын жетекчилери жана администраторлору сынакка КАТЫШУУГА БОЛБОЙТ.

## § 3.Сынактын сыйлыктары:

- • 2-турдун жыйынтыгы боюнча **1-орунду** жеңип алган жана “2023/24-ОКУУ ЖЫЛЫНЫН БИРИНЧИ МУГАЛИМИ” наамына ээ болгон катышуучу ЖЕҢҮҮЧҮ ДИПЛОМ жана Санжарбек Данияровдун фондунун сыйлыгы - **дүйнөлүк борборлордун бириндеги** музейлерге, галереяларга, театрларга жана башка аттракциондорго жык толгон бай программасы менен **10 күндүк маалымат арттыруучу саякатка** баруу сыйлыгы менен сыйланат.

- Экинчи турдун жыйынтыгы боюнча 1, 2, 3-орундарды ээлеген катышуучулар, башкача айтканда, сынактын экинчи турунун үч жеңүүчүсү - сынактын лауреаттары деп жарыяланып, ЖЕҢҮҮЧҮНҮН ДИПЛОМУНА ээ болот жана Санжарбек Данияровдун Атайын сыйлыгы – **класстын окуучулары менен биргеликте дем алыш күндөрү Кыргыз Республикасынын борбору Бишкек шаарына маданий-маалымат арттыруучу экскурсияга баруу сыйлыгы менен сыйланат.**

- **Сынактын биринчи турунун алты жеңүүчүсү** 1-ТУРДУН ЖЕҢҮҮЧҮСҮНҮН ДИПЛОМУН жана эстелик белектерди алат.

- **Сынактын 1-туруна кабыл алынган сынактын бардык катышуучулары күйөрман жана көрүүчүлөр катары катышуу сертификатын жана 2-турга чакыруу алышат.**

Сынактын 1-туруна кабыл алынган **сынактын бардык катышуучулары** күйөрман жана көрүүчү катары катышуу сертификатын жана 2-турга чакыруу алышат.

## § 4.Сынактын калыстар тобу жана Уюштуруу комитети

- Калыстар тобу 10 эксперттен турат. Калыстар тобунун курамы Фонддун Уюштуруучусу тарабынан окуу, илимий, усулдук мекемелердин кесипкөй кызматкерлеринен жана өткөн жылдардагы "Биринчи мугалим" сынагынын жеңүүчүлөрүнөн түзүлөт. Калыстар тобунун курамы баалоо процесси башталганга чейин Фонддун сайтында жарыяланат.

- **Сынактын уюштуруу комитети Фонддун Уюштуруучусунан** турат, зарыл болгон учурда Уюштуруучу уюштуруу иштерине ыктыярчыларды тартат.

## § 5.Сынакты өткөрүү формасы жана мазмуну

Сынак эки тур менен өтөт:

**Биринчи туру** – аралыктан, жазуу түрүндө өтөт. Анда катышуучулар жылдын тандалган темасы боюнча дилбаян жазат. Дилбаяндарды баалоонун жыйынтыгы боюнча биринчи турда эң жогорку упай топтогон 6 (алты) *жеңүүчүсү аныкталат*. Алар 2-турдун катышуучулары болот.

**12-сынактын биринчи турунун дилбаянынын темасы:**

**ЭМГЕК МИГРАЦИЯСЫ ЖАКШЫБЫ ЖЕ ЖАМАНБЫ? АЙЫЛДЫК МУГАЛИМДИН КӨЗ КАРАШЫ**

Дилбаянда чагылдыруу үчүн болжолдуу суроолор. Дилбаяндын мазмуну ушул суроолорго жоопторду камтыйт, бирок бул менен эле чектелбейт:

*Сиздин айылыңызда айылдан убактылуу же биротоло кеткен эмгек мигранттары барбы? Алар калктын олуттуу бөлүгүн түзөбү? Бүт үй-бүлөсү менен кетеби же үй-бүлөнүн кээ бир мүчөлөрүбү? Бул үй-бүлөгө кандай таасир этет? Балдар үчүн таасири кандай? Бул кыска жана узак мөөнөттүү келечекте жалпы өлкөгө кандай таасир этет деп ойлойсуз? Окуучуларыңыздын арасында эмгек мигранттарынын балдары барбы? Аларга өзгөчө мамиле керекпи? Башка балдар аларга кандай мамиле кылат деп ойлойсуз? Жашообуздагы бул көрүнүшкө жалпы балдар кандай карайт? Мигранттардын агымы алардын келечегине, айылдын келечегине кандай таасир этет? Бул жагынан эмне кылуу керек? Сиздердин аймакка республиканын башка аймактарынан келген эмгек мигранттары барбы? Же башка мамлекеттенби? Биз буга кандай карашыбыз керек?*

Сынакка дилбаяндарды кабыл алуу эрежеси: Сынактын 1-туруна катышуу үчүн **ҮЧ ДОКУМЕНТТИ** салып жиберүү керек

1. ДИЛБАЯН. Дилбаянга талаптар:
   - Дилбаяндын **тили**: кыргыз же орус тилинде, катышуучунун тандоосу боюнча. Дилбаянды тандоодо жана баалоодо тили критерий болуп эсептелбейт.
   - Дилбаяндын **көлөмү** – 1,15 интервал менен 12ден ашпаган шрифт өлчөмү жана стандарттык талаалары менен А4 форматындагы 3 толук барактан кем эмес басылган текст.
   - Дилбаяндын **структурасы**: үч бөлүктөн турат – кириш сөз, негизги бөлүк жана корутунду.
   - **Мазмуну:** башка маалымат булактарынан көчүрүлбөгөн АВТОРДУН ӨЗҮНҮН ГАНА ТЕКСТИ болууга тийиш. Башка авторлордун чыгармаларынын цитаталары маалымат булагы менен кошо көрсөтүлүп берилиши керек, ошол эле учурда ал дилбаяндын 10% ашпоосу зарыл.
   - **Формасы:** Дилбаяндар WORD программасында БАСЫЛГАН түрүндө ГАНА берилиши керек. Сканирлөө же фотосүрөт түрүндөгү дилбаяндар КАБЫЛ АЛЫНБАЙТ. Кол менен жазылган тексттер КАБЫЛ АЛЫНБАЙТ.
   - **Шрифт**: шрифттин каалаган түрүн колдонсо болот, бирок кыргыз тилиндеги дилбаяндар кыргыз алфавитинин тамгаларын колдонуу менен ГАНА кабыл алынат (ө, ү, ң тамгалары).
   - Дилбаяндар оймо-чиймелер, рамкалар же фотосүрөттөр менен кооздолбошу КЕРЕК.

2. Катышуучунун СОБОЛДОМОСУ, формасына ылайык, толугу менен WORD форматында (№ 1 ТИРКЕМЕ) же интерактивдүү PDF форматында (№ 2 ТИРКЕМЕ) толтурулат.
3. **2022/2023-окуу жылы үчүн** мектептин администрациясынын ***мөөрү жана колу менен күбөлөндүрүлгөн*** окуучунун жетишкендик ТАБЕЛИНИН КӨЧҮРМӨСҮ. Табелдин көчүрмөсү **сканер же сүрөт түрүндө** жөнөтүлүшү керек. Нөл класс жана биринчи класстын мугалимдери табелдин ордуна окуучулардын тизмесин жөнөтүшөт. Мугалимдер **иштеген биринчи жылында** (жогорку окуу жайын же колледжди аяктагандан кийин) иштеген жеринен директор же окуу бөлүмүнүн башчысы тарабынан мөөр менен күбөлөндүрүлгөн маалымкат жиберилет.

Сынакка үч документ тең sdkf.meldesh@gmail.com дарегине ТИРКЕМЕ катары **электрондук почта аркылуу гана** кабыл алынат. Соболдомо же табель жок болгон учурда дилбаян Уюштуруу комитети тарабынан каралбайт. Документтерди жиберүүдө билдирүүнүн аталышындагы «ТЕМА» деген жерине: «12-КОНКУРСКА БАЛАНЧА ДЕГЕН МУГАЛИМДЕН (толук аты-жөнү көрсөтүлсүн)» деп жазылууга тийиш.

Уюштуруу комитети сынакка келген бардык дилбаяндарды жогоруда саналып өткөн сынактык талаптарга, анын ичинде тексттин уникалдуулугуна (жогоруда көрсөтүлгөн талаптардын тизмесиндеги “мазмун” пункту), башкача айтканда, *плагиаттын жоктугун* текшерет. Көрсөтүлгөн текшерүүдөн кийин Уюштуруу комитети сынакка ушул Жобонун шарттарына ылайык келген дилбаяндарды кабыл алат жана **авторлорго электрондук почта же WhatsApp аркылуу билдирүү жөнөтөт**. Эгерде автор 3 күндүн ичинде сынакка кабыл алуу же кабыл албоо жөнүндө билдирүү албаса, бул материалдар **Уюштуруу комитетине келип түшпөгөнүн билдирет**.

Уюштуруу комитети бардык кабыл алынган дилбаяндарга уникалдуу код ыйгарат. Калыстар тобунун мүчөлөрүнө баа берүү үчүн код менен жана автордун аты-жөнү жана мектептин, аймактын аты-жөнү көрсөтүлбөгөн, башкача айтканда ЖАШЫРУУН түрдөгү дилбаяндар жөнөтүлөт.

Сынактын 1-турунун жеңүүчүлөрүн аныктоонун жол-жобосу. Ар бир дилбаянды калыстар тобунун 10 мүчөсүнүн 7си баалайт, ар бири алты критерийдин негизинде 5 упай көрсөткүчү боюнча бааланат:

- Теманын толук ачылышы
- Негизги ойду ачык жана так баяндап берүү
- Баяндоо стили (көркөмдүүлүгү)
- Сабаттуу жазуу
- Мындан ары иштөөдө пайдалуу болушу, тажрыйба бөлүшүү
- Дилбаяндын темасына адаттан тышкары, стандарттык эмес мамиле жасоо

1-турдун толтурулган баалоо баракчасы упайлар менен калыстар тобу тарабынан сынактын уюштуруу комитетине жөнөтүлөт. Биринчи турдун жеңүүчүлөрү дилбаян үчүн калыстар тобунун 7 мүчөсү тарабынан берилген **упайлардын суммасы** менен аныкталат. Дилбаян үчүн максималдуу мүмкүн болгон упай - 7х5х6=210

Упайлардын суммасын эсептеп чыккандан кийин Уюштуруу комитети коддорду ачып, катышуучулардын аты-жөнүн код менен аныктайт жана жыйынтыгын ар бир катышуучуга электрондук почта же WhatsApp аркылуу жеке жөнөтөт. Эң жогорку упай топтогон 6 Катышуучунун, башкача айтканда, сынактын 1-турунун жеңүүчүлөрү жана жалпы жыйынтыктары Фонддун сайтында жарыяланат. 1-турда жеңип чыккан 6 жеңүүчү 2-турда 1,2,3-орундар үчүн ат салышат, ал эми 1-турдун калган катышуучулары күйөрман жана байкоочу катары 2-турга өтөт, ошондой эле Катышуучунун сертификатына ээ болот.

**Экинчи турда** – биринчи турда жеңип чыккан 6 жеңүүчү оозеки таймашат. 2-турдун тапшырмалары суроо-жооптордон турат. Катышуучулар тапшырмаларды жана баалоо критерийлерин биринчи турдун жыйынтыгын чыгаргандан кийин жана 2-турга чейин 10 күндөн кечиктирбей алышат. Экинчи тур жыйындар залында 1-турдун катышуучуларынын жана иш-чарага катышууну каалагандардын бардыгынын, анын ичинде кесиптештеринин, райондук мамлекеттик администрациялардын жана облустук администрациялардын өкүлдөрүнүн катышуусунда өткөрүлөт. Экинчи турдун жыйынтыгы

боюнча БИРИНЧИ МУГАЛИМ – 1-орунга ээ болгон ЖЕҢҮҮЧҮ жана 2- жана 3-орундарга ээ болгон сынактын ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮ жарыяланат.

2-турдун жеңүүчүсүн аныктоонун тартиби: Сынактын жеңүүчүсү 2-турдун бардык тапшырмалары боюнча калыстар тобунун бардык мүчөлөрүнүн койгон упайларынын суммасы менен аныкталат. Калыстар тобунун мүчөлөрү сынактын катышуучуларына 5 упай көрсөткүч боюнча тапшырманын ар бир элементи үчүн критерийлердин жыйындысы боюнча баа берет жана аларды реалдуу убакыт режиминде сынактын жүрүшүндө 2-турдун упай баракчасына киргизет. Жалпы упайларды ыктыярчылардын ичинен алдын ала дайындалган сынактын БАЙКООЧУЛАРЫ эсептейт. Жыйынтыктары катышуучуларга жана көрүүчүлөргө жарыяланат.

## § 6.Сынакты өтө турган күнү, убактысы жана орду:

1-Туру: 2023-жылдын 15-СЕНТЯБРЫНАН 2024-жылдын 28-ФЕВРАЛЫНА чейин өткөрүлөт. Дилбаяндарды баалоо – 21-мартка чейин, упайларды эсептөө – 2024-жылдын 30-мартына чейин болот. 1-турдун катышуучуларына жыйынтыгы – 2024-жылдын 31-мартында жарыяланат.

2-Туру: болжолдуу түрдө 2024-жылдын 13-апрелинде же 20-апрелинде (ишемби) өтөт. 2-турдун өтө турган орду жана жеңүүчүнү сыйлоо Салтанаты: 1-турдун жыйынтыгы менен бирге жарыяланат.

**Лауреаттардын окуучуларынын Бишкекке** маданий-маалымат арттыруучу экскурсиясы (Фонддун Атайын сыйлыгы): 2024-жылы өтөт. Боло турган күнү лауреаттар менен бирге макулдашылат.

Дүйнө жүзүндөгү борборлордун бирине Жеңүүчүнүн маданий-маалымат арттыруучу саякаты (Фонддун сыйлыгы): 2024-жылдын ичинде, болжолдуу түрдө 2024-жылдын июнь айында өтүшү мүмкүн, тагыраак датасы жеңүүчү менен бирге макулдашуу боюнча аныкталат.

## § 7.2023/2024-окуу жылындагы БИРИНЧИ МУГАЛИМ сынагын жыйынтыктоо

- Биринчи мугалим менен сайтта, мүмкүн болсо, ЖМК беттеринде интервью уюштуруу.
- «САНЖАРБЕК ДАНИЯРОВДУН ФОНДУ» КФ сайтында жана соцтармактарда сынактын жүрүшү жана сыйлоо салтанатынын жүрүшүн чагылдыруу
- Сынактын катышуучулары менен сын пикир алышуу
- Сынактын жеңүүчүлөрү жөнүндө райондук билим берүү бөлүмдөрүнө кабарлоо

А. Даниярова
*Фонддун негиздөөчүсү жана директору*